# ТӨРАГАНЫН 2024-ЖЫЛДЫН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН АЗЕМИНДЕГИ КУТТУКТООСУ

Канцлер Улуу даражалуу Ага Хан!
Университеттин Колдоочулары улуу урматтуу Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров, Тажикстан Республикасынын Президенти Рахмон, Казакстан Республикасынын Президенти Токаев!
Ардактуу Кыргыз Республикасынын Билим жана илим Министри Доктургүл Кендирбаева!
Ардактуу Тажикстан Республикасынын Билим жана илим Министри Саидзода Рахим Хамро!
Хорогдун ардактуу губернатору Алишер Мирзанаботов!
Ардактуу Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Алтынбек Эргешов!
Камкорчулар Кеңешинин мүчөлөрү!
Ректордун милдетин аткаруучу Кристофер Герри!
Декан Максим Хомяков!
Гуманитардык жана так илимдер Мектебинин окутуучулары!
Ардактуу ата-энелер, үй-бүлө мүчөлөрү жана меймандар!
Ошондой эле бүгүнкү күндүн жылдыздары болгон 2024-жылдын бүтүрүүчүлөрү!

*Саламатсыздарбы!*

Кутмандуу таңыңыздар менен!

Урматтуу бүтүрүүчүлөр! Силердин жашооңордогу маанилүү мезгил барагын белгилеп майрамдап жатканда баарыңардын алдыңарда сөз сүйлөп турганым мен үчүн чоң сыймык жана өзгөчө кубаныч. Бүгүнкү күн көп жылдан берки талыкпаган мээнеттин, жан дили менен берилгендиктин жана өжөрлүктүн туу чокусуна чыккан учурун даңазалап турат.

Борбордук Азия Университетинин Камкорчулар Кеңешинин атынан ар бириңерди чын жүрөктөн куттуктайм. Ошондой эле университеттин Канцлерине жана Колдоочусуна, Кыргызстан, Тажикстан жана Казакстан Республикаларынын Президенттерине алардын баа жеткис колдоолору үчүн чын дилден ыраазычылыгымды билдирем. Биз үч негиздөөчү мамлекеттин Билим жана илим Министрлерине, Нарын менен Хорогдун губернаторлору менен мэрлерине алардын өз коомчулугунда бизди жылуу кабыл алганы үчүн терең ыраазычылык билдиребиз.

Бүгүн биз мыкты жаш мырзалар менен айымдарды окутуудагы ректордун милдетин аткаруучунун, окутуучулардын, жетекчиликтин, кызматкерлердин, ыктыярчылардын эң мыкты иш-аракеттерин белгилеп майрамдап жатабыз. Азыркы учур бүтүрүүчүлөрдүн үй-бүлөлөрүнө жүрөгүбүздүн төрүнөн чыккан ыраазычылыгыбызды билдире турган көз ирмемдер. Сиздердин балдардын билим алуусуна болгон чын ниеттен берилгендигиңиздер жана университеттин миссиясы менен көздөгөн мүдөөсүнө болгон бекем ишенимиңер бул билим сапарында маанилүү роль ойноду. Сиздердин эбегейсиз колдооңуздарга чоң рахмат!

БАУ дүйнөлүк деңгээлдеги билим берүүнү камсыз кылуу, сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүү жана аймактарды социалдык жана экономикалык жактан өнүктүрүүгө

көмөктөшө турган лидерлерди тарбиялоо максатында негизделген. Силерди бул агартуу мекемесине тандап алган мезгилден тартып биздин максатыбыз силердин лидерлик сапаттарыңарга, интеллектуалдык жана инсандык өсүп-өөрчүшүңөргө түрткү берүү болду.

Силердин толкунданган жүзүңөрдү көргөн сайын ошол ишеним менде улам бекемделип жатат. Силердин көзүңөрдөн ынтызарлыкты көрүп турам. Ушундай эле үмүттүн учкундарын жана тизгинге ээ бербеген идеялардын бай булагын көрүп турам.

Мен силерден буга чейин өзүңөр иш жүзүндө далилдей алган жашоого болгон туруктуулукту жана байыр алууга жөндөмдүүлүктү, болгондо да бүтүндөй дүйнө мурда болуп көрбөгөндөй муктаж болуп жаткан сапаттарды көрүп турам.

Мен силерден плюрализмдин күчүнө болгон сый-урматты жана ишенимди көрүп турам. Биз качан ар түрдүүлүктү жылуу кабыл ала билгенди, колдой билгенди жана күчтүн булагы катары караганды түшүнө билгенде коомдогу бири-бирибиздин мыкты жактарыбызды ача билебиз.

Бул жерде өткөрүлгөн мезгил силерге өзүңөр тандап алган кесип тармагын сергек акыл менен жакындан таанып билүүнү бере алды деп ишенем. БАУнун негизги окуу программасынын шарапаты менен силер адабият, көркөм өнөр, философия сыяктуу илимдерди изилдөө аркылуу алардын этикалык ой-кырлары менен тааныша алдыңар. БАУнун кызматташуу программаларынын аркасы менен силер тандап алган тармагыңардын даана техникалык көндүмдөрүнө ээ боло алдыңар. Ошондой эле силер өмүр бою достукка негиз боло турган пайдубалды тургуза алдыңар.

Мунун баарынын түпкүлүгүндө бүндө БАУнун миссиясы – позитивдүү өзгөрүүлөргө өбөлгө боло турган дем-күч берип шыктандырган жана этикалык сапаттарга каныккан лидерликти өнүктүрүү жатат.

Лидерлик – бул менин жүрөгүмө өзгөчө жакын тема болгондуктан мен силерге өзүмдүн тажрыйбамдан үч түрдүү байкоолорду силер менен бөлүшкүм келет.

Биринчиден, лидерлик деген этикалык алкактарды же күчтүү баалуулуктардын системасына төп келүүнү талап кылат. Чыныгы лидерлик титул, статус же финансылык ийгиликтер менен аныкталбайт. Ал шыктандыра турган, оң таасир тийгизе турган жана өзгөрүүлөргө түрткү бере турган жөндөмдөргө ээ болуу дегендик. Өз жашооңордо силер кыйынчылыктардан жана эки анжы болуудан чыгуунун жолдорун талап кылган жагдайларга туш келесиңер. Бирок жеткилеңдикке умтулууда университетте силерге берилген этикалык туура багыттан, атап айтканда, жан тартуу, сый-урмат жана чынчылдыктан тайыбастан түз сапарыңарды улай билгиле. Биздин өз ара байланышып чырмалышкан, бирок тез өзгөрүп жаткан дүйнөбүздө бул баалуулуктар туруктуулуктун якору болуп калмакчы.

Экинчиден, лидерлик – бул жападан жалгыз кыла турган иш-аракет эмес. Ал башкалардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн, кызматташууга кол кабыш кылууну жана ийгилик менен өзүн өзү реализациялоонун атмосферасын түзүүнү айгинелейт. Улуу даражалуу Ага Хан этикалык лидерликтин маанилүүлүгүн таасын белгилеп төмөндөгүдөй таамай сөзүн айткан: «Коопсуз плюралисттик коом өзүлөрүнүн каада-

салттарынын тереңдигине жана өзөктүү кайталангыс жактарына, ошондой эле өз коңшуларынын салттарына ишене билген коомчулукту талап кылат».

БАУнун бүтүрүүчүсү катары силер өзгөрүүлөрдүн катализаторлору болуп бере аласыңар.

Үчүнчүдөн, мындай лидерлик – бул чыккан жериңер эмес, силердин баса турган жолуңар. Ал такай окуп билим алууну, өзүн-өзү талдоону жана байыр ала билүүнү талап кылат. Жаңы идеяларга ачык болгула, ар кыл көз караштарды иликтегиле жана эч качан билим алууну токтотуп койбогула. Дүйнөгө боорукер, сезимтал жана баардыгы үчүн мыкты келечекти курууда жан аябаган лидерлер зарыл. Кандай гана болбосун, мейли силер өз жумуш ордуңарда, өз коомчулугуңарда, Борбор Азияда же эл аралык деңгээлде болбогула, баары бир силердин иш-аракеттер жана сөздөрүңөр шыктандыра турган жана таасирленте тургандай болууга тийиш. БАУ баарыңарга негиз гана түзүп берди, эми силер алдыга карай жол салышыңар керек.

Эмдиги жылы БАУ өзүнүн негизделгенине 25 жыл толгон күмүш маарекесин белгилейт. Өзүбүздүн саякатыбыз тууралуу ой толгоп жатып, биз үмүттөргө толгон жана мындан аркы өнүгүүгө багыт алган келечектин алгачкы мөмөлөрүн татып жатабыз. Биз алдыга карай көз жүгүртүп жатып, мен артыбызга да кылчайып карагым келет. Өзүбүздүн кайдан келгенибизди иликтеп билген чакта гана биз өзүбүздүн кайда бара жатканыбызды ачык-айкын баамдай алабыз.
2016-жылы дал ушул Нарын кампусунун ачылыш аземинде БАУнун Канцлери Улуу даражалуу Ага Хан мындай деп баса белгилеген эле: «Дүйнөлүк тарыхты окуп изилдеген студенттер бизге мындан миң жыл мурдагы соода-сатык жана инвестиция, шаарды өнүктүрүү, маданий жана интеллектуалдык жетишкендиктерде дүйнө жүзүнө лидерлик кылган Борбор Азияны эске салат. Бул жерлер бүткүл дүйнө жүзүнүн алдыңкы ойчулары лидерлик кылууну ак эткенден так этип көксөшкөн орун-жай болгон. Астрономия же математика, химия же медицина, философия же музыкада соңку ирет кандай жетишкендиктер болгон? Бул жер ушуларды ачыктай турган орун болгон. Бул аймактарда алгебра илими ушул атка конгон, Жердин диаметри так эсептелген, дүйнөдөгү улуу ырлардын баары ушул жерлерде жазылган. Эмне үчүн ошол кезде ушундай болгон? Эмне үчүн дал ушул жерде болгон баарысы? Баарыдан мурда мен мунун себеби «ачыктык» деген касиеттен улам болсо керек деп болжолдойм. Муну менен мен жаңы идеяларга, өзгөрүүлөргө жана ар кыл тектеги жана ар түрдүү таланты бар адамдар үчүн ачыктык болгонун айткым келип жатат».

Бүтүрүүчүлөр – силер Борбор Азиянын дүйнөгө тартууланган белектерисиңер. Бул жактан башыңарды жогору көтөрүп сыймыктуу узагыла. Чынчылдык менен башкаргыла, жаңычылдыктарды тамырлатып жайылткыла жана боорукердик менен иш аракеттериңерди жасагыла. Келечек силерден көз каранды, силер бул иштерди эң мыкты аткара аласыңар деп ишенем.

Куттуктайм жана ыраазычылык билдирем!